Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 6 ПРОТОКОЛдун
Көчүрмөсү

6.03.2025-ж.

3. Ар түрдүү маселелер.

3.4. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борборун түзүү жөнүндө.
*(Жооптуу КУУнун ректору, профессор Догдурбек Токтосартович Чонтоев)*

"Бозжол" философиялык изилдөө борборунун негизги максаттары болуп кыргыз маданиятынын онтологиялык башатын, өзөгүн философиялык ыкмалар аркылуу таап, аларды бир концептуалдуу иретке келтирүү, ошондой эле жаш философторду топтоп, аларга кыргыз маданиятынын философиялык изилдөөсүнө руханий дем берүү эсептелет.

Бул жагынан башка өлкөлөрдүн изилдөө борборлору менен байланыш түзүп, эл аралык аренага чыгуу да маанилүү.

Маданий мурастарды сактоо жана чындоо, кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктарын, үрп-адаттарын жана салттарын андан ары өнүктүрүүгө жана өз ара байытууга жигердүү көмөктөшүү максатында

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борбору (мындан ары – Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБ) уюштурулсун.

2. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБ жөнүндө Жобосу иштелип чыксын жана бекитүүгө киргизилсин.

3. Төмөнкү штаттык бирдиктер ачылсын:

- Жусуп Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБдин директору – 1,0;
- Жусуп Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБдин илимий кызматкери – 2,0.

4. Пландык-финансы бөлүмү Жусуп Баласагын атындагы КУУнун штаттык тизимине тиешелүү өзгөртүүлөрдү даярдасын жана белгиленген тартипте бекитүүгө киргизсин.

5. Көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткарууга көзөмөл Жусуп Баласагын атындагы КУУнун илим боюнча проректору М.М. Дылдаевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент Ж.Ж. Керимканова